**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**КООМДУК САЛАМАТТЫК УЛУТТУК ИНСТИТУТУ**

**ЭЛ АРАЛЫК ЖОГОРКУ МЕДИЦИНА МЕКТЕБИ**

Д 14.23.684 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 613/614 (575.2)**

**БАПАЛИЕВА  ГУЛЬНАЗ  ОРОЗАЛЫЕВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ГИГИЕНАЛЫК ИЛИМДИН ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН, ӨНҮГҮШҮНҮН ТАРЫХЫЙ АСПЕКТТЕРИ

14.02.05 – медицинанын социологиясы жана тарыхы

Медицина илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын авторефераты

**Бишкек – 2025**

Иш Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтунун курчап турган чөйрөнү коргоо жана адам экологиясы медициналык борборунун базасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Касымов Омор Тилегенович**<br>медицина илимдеринин доктору, И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын илимий изилдөөлөр менеджмент кафедрасынын профессору, Россия илимдер академиясынын академиги |
| **Расмий оппоненттер:** | **Айдаралиев Арсен Асылбекович**<br>медицина илимдеринин доктору, профессор «Кыргыз эл аралык университети» Академиялык консорциумдун президенти, КРнын УИ Академиясынын мүчө корреспонденти<br>**Иманкулова Асель Сансызбаевна**<br>медицина илимдеринин доктору, Салымбеков атындагы университеттин стратегиялык программалар жана илимий иштер боюнча проректору |

**Жетектөөчү мекеме:** С. Б. Данияров атындагы кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту (Кыргыз Республикасы, 720040, Бишкек ш. Бөкөнбаев 144а көч.)

Диссертацияны коргоо ________ -жылдын ________ саат _____ медицина илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтуна жана тең уюштуруучу Эл аралык жогорку медициналык мектебине караштуу Д 14.23.684 диссертациялык кеңештин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 720054, Бишкек ш. Интергельпо көч., 1 Ф, конференц-зал. Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/142-3mv-t73-gwz.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтунун (720005, Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 34) жана Эл аралык жогорку медициналык мектебинин (720054, Бишкек ш. Интергельпо 1Ф көч.) китепканаларынан жана https://vak.kg сайттынан таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 30-майында таратылды _________ 2024 г.

**Диссертациялык**
**кеңештин окумуштуу катчысы,**
**медицина илимдеринин доктору,**
**профессор:** **Г.С. Суранбаева**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы учурда, бардык жерде илимпоздордун социалдык жана маданий аспекттерине өзгөчө көңүл бурулууда, ошондой эле өлкөнүн медициналык жана саламаттыкты сактоо тарыхынын өнүгүү моделин реконструкциялоого мүмкүндүк берилүүдө [1]. Белгилүү болгондой, ар бир убакыт аралыгында изилденип жаткан предметтин абалын чагылдырган тарыхый окуяларды аныктоо медициналык илимдин жана билим берүүнүн заманбап системасына интеграциялоо үчүн өзгөрүүлөрдүн бүтүндөй комплексин илимий жактан кайра карап чыгууга мүмкүндүк берет [Т. С. Сорокина, 2021; Н. Н. Крылова, 2023].

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын системасында гигиеналык илим менен билим берүүнүн ата мекендик өнүгүүсүнүн тарыхнамасын изилдөө, алдын алуу медицинаны өнүктүрүү системасындагы окуялардын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана ички маңызын аныктоого мүмкүндүк берет [О. Т. Касымов, 2002].

Гигиеналык илимди адистикке айландыруу - илимдерди дифференциялоо жана интеграциялоо, билим берүү чөйрөсүн кеңейтүү, анын ичинде комплекстүү жана дисциплиналар аралык изилдөөлөр, калктын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо чөйрөсүндө маалымат агымынын көбөйүшүнө алып келди. Илим менен техниканын жетишкендиктери жогорку билим берүү программасына гигиенаны өнүктүрүүгө жана киргизүүгө жардам бергендиктен, анын өнүгүүсүнүн ар бир этабында өзгөрүп жаткан муктаждыктарга жана дүйнөлүк стандарттарга ылайык алдын алуу медицина адистерин даярдоодо өзгөртүүлөр уланууда, жана да медициналык институттардагы гигиенанын өнүгүү тарыхы кадрларды даярдоо системасы ар бир тарыхый этапта коомдо калыптанган социалдык-маданий шарттардын уникалдуу үлгүсү экенин көрсөтүп турат [Н. Б. Коростелев, 1993; О. Т. Касымов, 2002; Т. Л. Токарева, 2011; Г. Н. Чистенко и соавт., 2011].

Коомдун өзгөрүп жаткан шарттарындагы алдын алуу медицина аспекттери илимий-практикалык изилдөөлөрдүн келечеги, өзгөчө гигиеналык багыттар боюнча билим жана илимдин жетишкендиктерин аныктоо актуалдуу болуп саналат [Н. Б. Коростелев, 1996; О. Т. Касымов, 2002]. Азыркы учурда,

---

[1] **“Бүгүнкү мамлекетибиз байыркы мезгилден бери кыргыз жерин көздүн карегиндей сактап жана коргоп келген улуу ата-бабаларыбыздын акылмандыгынын жана баатырдыгынын жемиши болгон. Өзүнүн узак тарыхый жолунда Кыргыз мамлекети бирде күч алып, бирде чачылып, ошону менен бирге Борбордук Азияда өзүнүн татыктуу ордун жоготкон эмес**” – деп Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-октябрындагы № 270 “Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө” Жарлыгында айтылат.
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 598-р "2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасында илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары жөнүндө" токтому

изилденип жаткан проблема боюнча илимий адабий материалдары дээрлик жок, ал эми колдо болгон маалыматтар чачыранды жана фрагменттүү.

Азыркы коомдо гигиена билим берүүнүн илими жана практикасы катары сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болууда, жана бул диссертациялык иш аны алдын ала белгилеп, анын өнүгүүсүнүн тарыхый аспекттерин изилдөөнү олуттуу жаңылоодо.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер тарабынан аткарылуучу негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Демилгелүү долбоор – Кыргыз Республикасынын 2024–2028-жылдарга карата илимдин, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыттарын өнүктүрүүгө багытталган коомдук саламаттык сактоо тармагындагы илимдин жана билим берүүнүн өнүгүү тарыхын изилдеген историографиялык изилдөө. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 598-р токтомунун негизинде.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз мамлекетинин жогорку медициналык билим берүү системасында гигиеналык илим менен билим берүүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүнүн уюштуруучулук негиздерин комплекстүү изилдөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргызстандын жогорку медициналык билим берүү системасында гигиенаны институтташтыруу жана алардын калыптануу этаптарына талдоо жүргүзүү.

2. Өлкөнүн элдик чарбасын өнүктүрүүнүн хронологиясында илимий багыттардын калыптанышын жана алардын маанисин изилдөө.

3. Кыргыз мамлекетинин саламаттык сактоо системасынын адистик кадрларын даярдоодо санитардык-гигиеналык (медициналык алдын алуу) факультеттин ишин жана ролун баалоо.

4. Заманбап илим жана билим берүү системасында алдын алуу медицинаны өнүктүрүү үчүн инновациялык өбөлгөлөрдү аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** Кыргыз Республикасында санитардык-гигиеналык билим берүүнүн, илимдин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн тарыхый чындыгын чечмелөөгө институционалдык мамилени билдирет. Алардын жыйындысы жаңы көп тармактуу жана тарыхый-генетикалык билимдер системасында биринчи жолу:

1. Гигиеналык илимдин калыптанышынын жана түзүлүшүнүн советтик жана суверендүү тарыхнаамасынын өнүгүшүнүн негизги этаптары жана багыттары көрсөтүлгөн.

2. Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында гигиенанын адистештирилген багыттары боюнча

окумуштуулардын негизги илимий жана практикалык жетишкендиктери көрсөтүлгөн.

3. И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (КММАнын) базасында жогорку кесиптик медициналык билим берүү системасында коомдук саламаттыкты сактоо кызматтары үчүн кадрдык потенциалды калыптандырууда жалпы гигиена жана гигиеналык дисциплиналар кафедраларынын билим берүү баалуулуктарын жана багыттарын түзүүдөгү тарыхый-илимий изилдөөлөрүнүн хронологиясы.

4. Санитардык-эпидемиологиялык кызматтар жана коомдук саламаттыкты сактоо системасы үчүн практик-адистерди даярдоодо кыргыз мамлекеттик жогорку окуу жайларындагы билим берүү жана илим системасындагы санитардык-гигиеналык (медицианлык алдыг алуу иши) факультеттин ролун тарыхый-генетикалык бааланды.

5. Жаңы архивдик материалдар жана адабият булактары гигиеналык илим менен билим берүүнүн тарыхый аспектилерин жаңылап, алдын алуу медицинанын багытында заманбап адистерди даярдоого багытталган инновациялык моделдерди түзүүдө маанилүү ролду ойнойт.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Кафедранын окуу процесси үчүн пайдаланылган жаңы архивдик материалдар жана документтер практикалык сабактарда жана медициналык алдын алуу иши факультеттин лекцияларында колдонулуп жатат (КММАнын 2024-жылкы киргизүү актысы). Ошол эле учурда бир катар архивдик документтер иштелип чыгып, толукталып, И. К. Ахунбаев атындагы КММАсынын музейине коюлган жана алар аспирантура деңгээлиндеги дипломдон кийинки билим берүүдө да колдонулууда (КР ССМ КССИИ (НИОЗ) ишке ашыруу актысы, 2023-ж.).

**Диссертациянын коргоого чыгарылган негизги жоболору:**

1. Медициналык жогорку билим берүү системасындагы гигиенанын илимий багыт жана дисциплина катары калыптанышынын историографиясы жана анын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон негизги этаптары.

2. 1940–1950-жылдары калыптанган гигиенанын илимий багыттары, алардын негизги практикалык жетишкендиктери жана калктын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча жаңы чакырыктарды эске алуу менен заманбап гигиеналык илимдин өнүгүшүнө тийгизген таасири.

3. Кыргызстандагы жогорку билим берүү системасында алдын алуу медицина багытындагы адистерди даярдоонун уюштуруучулук негиздери: билим берүү программалары, нормативдик-укуктук база, адистердин кесиптик компетенттүүлүгү жана медициналык ЖОЖдордун тиешелүү саламаттыкты сактоо органдары менен болгон өз ара аракеттешүүсү.

4. Билим берүү, илим жана практика дүйнө жүзүндө сапаттуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда, бул болсо инновациялык мамилени, тармактар аралык билимдерди интеграциялоону, ошондой эле медициналык алдын алуу жана коомдук саламаттыкты сактоо адистерин даярдоо парадигмасын өзгөртүүнү талап кылат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Илимий, медициналык-статистикалык, архивдик материалдардан, адабият булактардан алынган маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо автордун жеке өзү тарабынан жүргүзүлдү.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациянын негизги жоболору: Жаш окумуштуулардын "тоолор жана коомдук саламаттык-инновациялык идеялар" илимий – практикалык конференциясында (Бишкек, 2022); Кыргыз мамлекетинин биринчи илимий медициналык мекемесинин 85 жылдыгына арналган коомдук саламаттыкты инновациялоо жана маалыматташтыруу эл аралык форумунда (Бишкек, 2023); И.К. Ахунбаев атындагы КММАсынын "Медициналык алдын алуу иши" факультетинин түзүлгөндүгүнүн 70 жылдык маарекесине арналган илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, 2023) баяндалды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу.** РИНЦтин журналдарында импакт-фактору жогору болгон 6 илимий эмгек жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация 148 компьютердик терүү барактарында баяндалып, кириш сөздөн, адабиятка сереп салуудан, өз алдынча изилдөөнүн эки бөлүмүнөн, корутундудан жана тыянактан, 238 иштин 17 описинен жана архивдик булактардан 4 фонддон жана 127 адабий булактан турган адабият тизмесинен турат. Иш 5 таблица жана 15 сүрөт менен иллюстрацияланды.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү бөлүгүндө** теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлган диссертациянын жоболору, апробациянын жыйынтыктары, түзүлүшү жана көлөмү көрсөтүлдү.

**Бөлүм 1 "Алдын алуу медицинадагы гигиенанын калыптанышына жана өнүгүшүнө тарыхый анализ (адабияттарга сереп)".** Хронологиялык тартипте азыркы гигиенанын абалындагы сапаттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон илим жана практика катары калыптануусу чагылдырылган, бул цивилизациянын өнүгүшүнүн ар кандай тарыхый этаптарында изилдөөнү актуалдаштырат.

**Бөлүм 2 "Изилдөө методологиясы жана ыкмалары".** Кыргыз мамлекетинин гигиеналык илими жана билим берүүсү боюнча медицина

тарыхынын документтерин топтоонун методологиясын чагылдырган комплекстүү базалык концепция колдонулду.

**Изилдөөнүн объектиси:** гигиена боюнча билим берүү жана илим тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети:** 1939-2023-жылдар аралыгында медициналык билим берүүнүн, илимдин жана практиканын гигиенаны өнүктүрүүдөгү интеграциясынын тарыхый хронологиясы, ЖОЖдун системасында кадрдык потенциалды калыптандыруу. КРсынын Борбордук мамлекеттик архивинин жана ВКП(б) КРнин архивдик документтери, И. К. Ахунбаев атындагы КММАсынын, Улуттук коомдук саламаттык сактоо институтунун материалдары, ошондой эле төмөнкү китепканалардын басылмалары: Улуттук, Республикалык, КРнын жана РФнын Борбордук илимий медициналык китепканалары, жана башка булактар ретроспективдүү изилденди. Илимий-практикалык журналдардагы макалалар: «Советтик Кыргызстан саламаттыгы», «Гигиена жана санитария», «КММАнын жарчысы», «Кыргызстандын медицинасы» ж.б.; ошондой эле гезиттерден алынган маалыматтар: «Советтик Кыргызстан», «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш» ж.б. Гигиенисттердин бүткүлсоюздук курултайларынын материалдары, конгресс, симпозиум жана конференция жыйынтыктары (республикалык жана эл аралык), монографиялар, колдонмолор, окуу куралдары жана гигиена маселелери боюнча усулдук сунуштамалар анализден өткөрүлдү. Ошондой эле гигиенанын калыптанышы менен өнүгүүсүнүн айрым аспектилерин чагылдырган диссертациялык иштер, мыйзамдык жана нормативдик актылар изилденди.

**Изилдөөнүн ыкмалары.** 238 архивдик ишти, анын ичинде 17 описти жана 4 фондду иштеп чыгуу үчүн комплекстүү ыкма колдонулду:

- баяндоочу (сүрөттөөчү) ыкма - тарыхый фон боюнча гигиена тармагындагы окумуштуулардын маанилүү ачылыштары, окуялары жана салымдары жөнүндө түшүнүк берет;
- тарыхый-генетикалык (жаралуу, болуу, жок болуу, салыштырма);
- тарыхый-типологиялык (окшош кубулуштардын жана процесстердин топторун табуу, б. а. реалдуу объекттердин тигил же бул критерийлери боюнча топтоо);
- тарыхый-системалуу (өз ара байланышкан элементтердин жыйындысы);
- тарыхый-салыштырма (жалпы тенденцияларды же айырмачылыктарды ачуу үчүн ар мезгилдерди, маданияттарды же региондорду салыштыруу);
- тарыхый-ретроспективдүү талдоо - тарыхый кубулуштардын келип чыгышын жана өнүгүү этаптарын жана алардын өзгөрүү себептерин изилдөө;
- **-** контекстуалдык – социалдык, саясий, экономикалык жана медициналык өзгөрүүлөрдүн ортосундагы өз ара байланышты аныктоо жана алдын алуу медицинада кадрларды окутууда колдонулат. Бул ыкма билим берүү стандарттарынын убакыттын талабына ылайык өзгөрүшүн эске алуу менен

адистерди даярдоого тийгизген таасирин түшүнүүгө басым жасайт [И. Д. Ковальченко, 2003, 2016; А.О. Чубарьян, 2014].

Жалпысынан алганда, 1939-2023-жылдар аралыгын камтыган комплекстүү мамиле тарыхый процесстин жүрүшүн болжолдоонун принциптерин жана ыкмаларын, өнүгүүнү моделдөөнү иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Автордун изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары 3 жана 4-бөлүмдөрдө берилди.

**Бөлүм 3 "Кыргыз мамлекетинин жогорку медициналык билим берүү системасында гигиенанын калыптануусун жана өнүгүүсүн уюштуруу негиздери".** Кыргыз мамлекеттинин тарыхында маанилүү окуя болуп 1939-жылдын 26-мартында Кыргызстан КП(б) БКнын Бюросунун жана 1939-жылдын 16-апрелинде Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар кеңешинин №517 токтомунун кабыл алынышы саналат. Бул токтомдордун негизинде 1939-жылдын 1-сентябрында Фрунзе шаарында Кыргыз мамлекеттик медициналык институту ачылган. [2] Окуу жайдын калыптанышында чоң салым кошкон институттун негиздөөчүсү, директору - беларусиялык илимпоз, медицина илимдеринин доктору, профессор Б. Я. Эльберт (1939–1941-жж.) болгон. Ал бир эле учурда Кыргыз ССРинин Саламаттык сактоо эл комиссариатынын эпидемиология жана микробиология боюнча илимий институтун да жетектеген (1937–1945-жж.).

Мамдекеттин жогорку медициналык билим берүү системасында эки этапка бөлүнөт: советтик (1939-1991- жж.) жана суверендик (1992-2023 - жж.)

**3.1 Гигиеналык илимдин СССРдин мамлекеттик башкаруу доорлорундагы түзүлүшү жана өнүгүү процесси.** Биринчи жалпы гигиена кафедрасынын жетекчиси В.П. Малышев (1941-1942-жж.) дайындалган, андан кийин Харьков медициналык жана стоматологиялык институтунан которулуп келген профессор Л.Е. Берестечко (1942-1945) болгон.

Согуштан кийинки мезгилде кафедраны 1946-ж. окумуштуу-гигиенист Околов Феликс Станиславович башкарган. [3] Ал 37 илимий эмгектин, анын ичинде СССРдин медициналык жогорку окуу жайларында кеңири колдонулган үч тамак-аш гигиенасы боюнча окуу китебинин автору болгон. Анын келиши менен кафедранын илимий ишмердүүлүгү жогорулаган, айрыкча азык-түлүк коопсуздугу багытын боюнча. Анын сунуштаган принциби жана айлана-чөйрө факторлорунун таасири алдында кандын сывороткасындагы, булчуң, сүт жана жумуртка белокторун талдоо ыкмасы илим жана практика үчүн маанилүү салым болуп калды. Бул иштеп чыгуу анын шакирттеринин илимий изилдөөлөрүнө негиз болгон: Г.А.Гудзовскийдин - булчуң белокторунун жетилүү жана эттин бузулуу учурундагы өзгөрүүлөрү (1954.), ошондой эле

---

[2]ЦГА КР Ф.1734. оп.6. Д.7.Л.1-3. Постановления; Ф.56, Оп.4.Д.164 Л.150,191-193 Протоколы

[3] ЦГА КР Ф. 1734. Оп.6. Д.332. Л.1-30. Годовой отчет

С. Р. Рыспаевдин – майлардын химиялык курамына жараша ультрафиолет нурлануусунун алардын касиеттерине тийгизген таасири (1955). Мындан тышкары, Фрунзе шаарында бир катар гигиеналык маселелер боюнча илимий изилдөөлөр башталган: ичүүчү суунун гигиенасы – К. А. Аршинов (1947), санитардык жактан жакшыртуу – Р. Я. Каган (1951), мектеп гигиенасы – Б. М. Мамытов (1956), ошондой эле кант заводдорунда – В. М. Перелыгин (1955) жана мунайды кайра иштетүүчү ишканаларда – С. Х. Николов (1956).

Советтик республикадагы илимий-педагогикалык ишмердүүлүк мезгилинде (1946–1956-жж.) Ф. С. Околов 40тан ашуун илимий эмгек жарыялап, анын ичинде 3 монография жана ЧМЭда (Чоң медициналык энциклопедия) 6 макала, 8 илим кандидатын жана 4 илим докторун даярдаган. Анын демилгеси менен санитардык-гигиеналык факультеттин (СГФ) негизделиши (1953) жүзөгө ашырылып, Кыргызстандагы гигиенанын жана медициналык билим берүүнүн тарыхындагы башаты болуп калган. Анын ишмердүүлүгү бүгүнкү күнгө чейин актуалдуулугун жоготпой турган илимий багыттардын калыптанышына өбөлгө түзгөн. Анын илимий жана практикалык жетишкендиктери жогору бааланып, ага «Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери» наамы ыйгарылган (1955). Кийинчерээк ал Кубан мамлекеттик мединститутунун гигиена кафедрасын жетектеген (1956–1963-жж.), профессор-консультант болуп иштеген (1963–1972-жж.) жана өмүр бою СССРде жана чет өлкөлөрдө таанылган илимпоз жана устат бойдон калган.

**3.2 Совет мамлекетинин мезгилинин экинчи этабында гигиена илиминин калыптануусу жана өнүгүүсү (1953-1991-жж.).** 1953-ж. СГФнын ачылышы, ал эми 1958-ж. ошол факультетке караштуу кафедранын түзүлүшү — Кыргыз ССРде гигиеникалык илимдин жана билим берүүнүн негизги этаптарын түзгөн маанилүү учур болду. 1956-ж. жалпы гигиена кафедрасын Ф. С. Околовдун шакирттеринин бири, к.м.н., доцент Г. А. Гудзовский жетектей баштады.[4] Анын жетекчилиги астында (1956–1966-жж.) илимий-педагогикалык потенциал күчөп, жумуш гигиенасы жана кесиптик оорулардын маселелери боюнча эл чарба тармактарында масштабдуу изилдөөлөр жүргүзүлдү. Бул мезгилде: шахта өнөр жайы боюнча - Б. С. Мамбеталиев (1962), А. Д. Джумабаев (1964); тоо-кен өндүрүшү боюнча — Г. Г. Щербаков (1964), Ю. П. Попов (1968), Р. Г. Грищенко (1969), Д. Д. Дооронбеков (1970); азыктык коопсуздук жана тамактануу тууралуу — П. Н. Дьяченко (1962), Т. А. Кожомкулов (1964); балдар мекемелеринин шарттарын баалоо боюнча — Р. А. Недвига (1964), Ф. Ф. Фролов (1968) диссертациялар корголду. Өз кезинде Г. А. Гудзовский “Сурьма өндүрүшүндөгү эмгек гигиенасы” темасында доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, эл аралык деңгээлде таанымал болду (1966-ж.). СЭВ системасында сурьма жана анын кошулмалары боюнча

[4] ЦГА КР Ф. 1734. Оп.6. Д.448. Л.328 С.3-6. Годовой отчет

чаңдын максималдуу уруксат берилген концентрациясын белгилөө үчүн стандарттар иштелип чыккан, ал эми БУУнун Эмгек Уюмунун (МОТ) тапшырмасы менен дүйнөлүк энциклопедиясына жарыяланган илимий макала эмгек гигиенасы боюнча фундаменталдуу болуп эсептелет.

1967-ж. Г. А. Гудзовский Ф. Ф. Эрисман атындагы гигиена илимдери боюнча илимий-изилдөө институтунда илим боюнча директордун орун басары болуп дайындалып, 1968-ж. ага профессор наамы ыйгарылган. 1969-ж. ал Ставрополь медициналык институтунда гигиена кафедрасын жетектеп, 1979-ж. чейин окуу иштеринин проректору болуп иштеди. Бул жылдары аймактагы ишканаларда эмгектин шарттары жана жаңы класс — татаал химиялык байланыштуу органикалык эмес кошулмалар (СХНК), анын ичинде люминофорлор боюнча токсикологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, бул заттарга гигиеналык нормалардын системасы Дүйнөлүк Саламаттык СактооУюму (ДССУ) тарабынан эталон катары кабыл алынды. Анын жетекчилиги астында 29 кандидат жана 3 доктор илимдин диссертациясы корголгон. Эл аралык деңгээлдеги илимпоз гигиенист катары таанылып, 1993-ж. «РФ илиминин эмгек сиңирген ишмери» наамы ыйгарылган; Европадагы экологиялык программалар боюнча ДССУнун кеңешчиси болуп, Россия жана башка өлкөлөрдүн академияларында мүчө болгон.

Андан кийин СГФтин гигиена кафедрасын к.м.н., доценттер Б. М. Мамытов (1966–1977-жж.) жана Т. А. Кожомкулов (1977–1982-жж.) жетектешкен. Бул мезгилде балдар жана өспүрүмдөрдүн физикалык өнүгүүсү, тоолуу аймактын тамактануу шарттары иликтенген — М. К. Эсенаманова (1981-ж.). 1982–1998-жж. кафедраны д.м.н., профессор токсиколог, гигиенист М. Б. Шпирт башкарып, 6 кандидат илимди даярдаган. Анын жетектөөсүнүн алкагында Ж. С. Сыдыков (1999-ж.) тарабынан ПТУ окуучуларынын эмгек шарттары бааланган. Анын автордугунда 200дөн ашуун илимий эмгек, 2 монография, 6 окуу китеби жана 26 методикалык колдонмо жарыяланган. Жалпысынан илимий активдүүлүктүн төмөндөгөнүнө карабастан, кадр даярдоо Москва, Ленинград, Киев шаарларында улантылган - мисалы, Э. Люхудзаева, А. А. Джумалиева, Р. М. Атамбаева, Р. А. Бейшенкулова ж.б..

Ошол эле учурда, жалпы гигиена кафедрасында (аскердик жана радиация гигиенасы курсу менен) к.м.н. А. А. Бойко (1959–1962 жж.) шаардык айлана-чөйрөсүн иликтөө менен алектенген. Кийин 1962–1978-жылдары кафедраны к.м.н. С. Р. Рыспаев жетектеп, анын жетекчилигинде адамдын чөлгө ылайыкташуусу (П. А. Соломко, 1965) жана Фрунзе шаарынын санитардык курулуш-түзөө жана райондорду жашылдандыруу (И. М. Хахалина, 1966) боюнча кандидаттык диссертациялар корголгон. 1969-жылы С. Р. Рыспаев Кыргыз ССРдин санитардык-демографиялык процесстери боюнча доктордук диссертациясын "секретно" грифи менен коргогон, андан соң кафедраны кайра

жетектеген (1969–1978 жж.). Ошондо жалпы гигиена кафедрасы СГФнин кафедрасы менен биригип, жетекчилигин к.м.н., доцент Б. М. Мамытов алган.

1970-ж. аяк ченинде Б. С. Мамбеталиев, кийинчерээк жалпы гигиена кафедрасынын жетекчиси (1978-ж.) жана профессор (1984-ж.), жумушка жана тоолу аймакка адаптация боюнча концептуалдык ыкмаларды иштеп чыккан. Анын жетекчилиги астында тоо-кен өнөр жай гигиенасы боюнча кандидаттык диссертациялар — К. У. Акынбеков (1984-ж.), О. Т. Касымов (1985-ж.), жана доктордук —стационар жана вахта түрүндө жумуш уюштуруунун изилдөөлөрү (О. Т. Касымов, 1995-ж.), көч мал чарбачылыгы (К. У. Акынбеков, 1995-ж.). Анын чыгармачылыгында 180ден ашуун илимий эмгек, 3 монография жана 24 методикалык сунуш бар; дагы 6 кандидат илимдин жетекчиси болгон. Кыргыз ССРинин «Саламаттыкты сактоонун эмгек сиңирген кызматкери» (1989-ж.), КРнын өлкөлүк илим жана техника мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1998-ж.), «Данк» медалынын ээси (1997-ж.).[5]

**3.3 Эгемендүү кыргыз мамлекетинин гигиеналык илими: өнүгүү жана калыптануу жолдору (1992-2023-жж.).** Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 5-июлундагы №232 Указы менен Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына айланышы - өлкөнүн илим жана билим берүү тармагында жаңы парадигманын башталышына жол ачкан маанилүү окуя болуп калды. 1998–2003-жылдары Америкалык Эл аралык Саламаттык сактоо бirimдигинин билим берүү долбоорунун алкагында коомдук саламаттыкты сактоо боюнча жаңы концепция ишке ашырылып, анын алкагында КГМАнын үч кафедрасы — жалпы гигиена, гигиеналык дисциплиналар жана эпидемиология кафедралары бириктирилип, бирдиктүү гигиена жана эпидемиология кафедрасы түзүлгөн.[6] Кафедранын жетекчиси болуп д.м.н., профессор О. Т. Касымов дайындалып, ал бир убакта окуу-тарбия иштери боюнча проректор кызматын да аркалаган. 1998–2004-жылдар аралыгында алдын алуу жана тоо медицинасы жаатында интеграцияланган илимий-билим берүү долбоорлору ишке ашырылып, адистештирилген коомчулук тарабынан кеңири таанылууга ээ болгон. Алардын алкагында коомдук саламаттык сактоо, эпидемиология жана биостатистика, эмгек медицинасы, ошондой эле жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу маселелери боюнча илимий-методикалык ишмердүүлүк жүргүзүлгөн. Анын жетекчилик астында кандидаттык жана доктордкдук диссертациялар: тоо жумушчуларынын тамактануусу (А. А. Джорбаева, 1997), тоо жумушчуларынын эмгек шарты (А. А. Бурабаева, 2000), магнит талааларынын биотроптук таасири (Т. У. Үсөнбеков, 2001), аялдардын саламаттыгы жана демография (Б. Т. Орозбекова, 2001; А. Сапарбаев, 2003; У.

[5] ЦГА КР Ф. 1734. Оп.6Н. Д.309 Л.55 С.1,4.Отчеты-1991
[6] ЦГА КР Ф. 1734. Оп.6Н. Д.350. Л.268 С.14.Протоколы

Б. Мамбеталиев, 2004), медициналык алдын алуу иши (МААИ) боюнча адистерин даярдоо (Салтанат Насирдин кызы, 2005), балдардын ден соолугу (Р. Д. Алымкулов, 1999), биохимиялык провинция (З. А. Айдаров, 2001), тоолуктардын мээсинин асимметриясы ( Б.К. Тыналиева, 2003) ж.б. Анын илимий жетекчилиги алдында 17 доктордук, 23 кандидаттык диссертация жана PhD даражасындагы иштер корголгон (Милан университети). Ал 291 илимий эмгектин, анын ичинде 12 монографиянын, 31 методикалык сунуштун, 2 патенттин жана 10дон ашык рационалдык сунуштардын автору. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1996), Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери (2018), Россиялык Илимдер Академиянын чет өлкөдүк мүчөсү (2025). Ал илимий журналдардын редакциялык кеңештеринин мүчөсү жана ДССУнун гигиена жана саламаттык боюнча улуттук координатору болуп саналат.

2003-2017-жж. профилдик кафедралар үчүн туруксуз жылдар болуп эсептелинет. Алсак, 2003-ж. гигиена жана эпидемиология кафедрасы кайрадан өзгөрүлүп, анын негизинде өз алдынча кафедралар пайда болгон. Жалпы гигиена кафедрасын 2003–2005-жж. проф. О. Т. Касымов, 2005–2023-жж к.м.н., доцент А. А. Джорбаева жетектеген. 2003–2006-жж. гигиеналык дисциплиналар жана эпидемиология кафедралары кайра түзүлүп, экологиялык медицина жана эпидемиология курсу менен социалдык медицина кафедралары болуп түзүлгөн. 2006-жылдан тарта бардык гигиеналык курстар бириктирилип, гигиеналык дисциплиналар кафедрасы болуп уюшулган. Аны ар кыл жылдары төмөнкү жетекчилер башкарган: доцент Ж. С. Сыдыков (2006–2008 жж.), доцент А. А. Бурабаева (2008–2009 жж.), доцент М. К. Эсенаманова (2009–2017 жж.). Бул мезгилде ТЕМПУС европалык гранты, «Сорос-Кыргызстан» фонду ж.б. эл аралык долбоорлор ийгиликтүү ишке ашырылып, окуу программалар заманбапташтырылып, материалдык-техникалык база жакшыртылган. Аталган мезгилде тамактануу көйгөйлөрү боюнча 3 кандидаттык диссертация даярдалган (М. Ж. Кудаярова, 2008; Ф. А. Кочкорова, 2009; Т. А. Цивинсая, 2014) жана 1 доктордук диссертация — Р. А. Атамбаева (2016) тарабынан кыз өспүрүмдөрдүн репродуктивдик саламаттыгы боюнча корголгон.

Бүгүнкү күндө гигиеналык дисциплиналар кафедрасын д.м.н., профессор Р. М. Атамбаева (2017-жылдан бери) жетектейт. Илимий иштер балдардын тамактануу гигиенасы боюнча изилдөөлөргө багытталган, анын ичинде Ф.А.Кочкорованын 2023-ж. изилдөөсү, проф. О. Т. Касымовдун жетекчилиги астында аткарылган. 2008–2021-жж. аралыгында кафедранын кызматкерлери тарабынан 130 илимий макала жарыяланган (анын ичинен 53ү чет өлкөлөрдө), 1 монография, 15 окуу куралы жана 22 методикалык сунуш жарык көргөн.

**3.4 Өлкөнүн эл чарбасы үчүн турмуш-тиричилик гигиенасынын илимий-практикалык олуттуу натыйжалары.** Тарыхый жана предметтик анализде гигиенанын — алдын алуу багытындагы фундаменталдык илим катары — өнүгүү этаптары байкалып турат. Кыргыз гигиеналык илиминин алгачкы этаптарында (1941-1953-жж.) негиздөөчүсү катары Ф. С. Околов таанылып, ал азык-түлүк коопсуздугу, эмгек гигиенасы, коммуналдык гигиена, балдардын жана өспүрүмдөрдүн гигиенасы боюнча изилдөөлөрдүн негизин түзгөн (3.4.1-таблица). Бул этаптагы маанилүү жетишкендиктердин бири — 1953-жылы СГФнин ачылышы жана саламаттыкты сактоо тармагы үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоонун башталышы болгон.

Советтик мезгилдин экинчи этабында (1953–1991-жж.) Г. А. Гудзовскийдин жетекчилиги алдында гигиенанын илимий изилдөөлөрү көмүр жана тоо-кен өндүрүшүнүн эмгек шарттарын, айлана-чөйрө факторлорун, адамдын акклиматизациясын жана бийик тоо шарттарына адаптациясын изилдөөгө багытталган. Бул мезгилде мектеп гигиенасы, тамактануу, окуучулардын физикалык өнүгүүсү ж.б. тармактарда колдонмо мүнөздөгү илимий иштер жүргүзүлгөн. Анын шакирти Б. С. Мамбеталиев (1978–1997-жж.) тарабынан өндүрүштүк эмгектин тоо шарттарында жүргүзүлүшү, адаптация теориясынын интеграциясы аркылуу, илимий-практикалык негизде өркүндөтүлүп, өлкөнүн тоолуу аймактарын өздөштүрүү үчүн жогорку деңгээлдеги практикалык мааниге ээ болгон.

Өлкөнүн суверенитетине өтүшү менен гигиеналык илимий мектептин туруктуулугу жаңы приоритеттерди аныктады. О. Т. Касымов тарабынан жогорку тоолуу аймактардагы стационардык жана вахталык эмгекти уюштуруу жана адаптация маселелери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр эл аралык деңгээлде таанылып, Эл аралык Социалдык Коопсуздук Ассоциациясы (ISSA) тарабынан 1981–2005-жылдардагы “Экстремалдуу климаттык шарттардагы эмгек коопсуздугу” программасына камтылган. Гигиенанын жана медициналык билим берүүнүн жаңы сапаты алдын алуу, биомедицина, тобокелдикти баалоо жана адамдын саламаттыгын илимий негизде башкаруу принциптерин камтыган интеграцияланган ыкманы калыптандырды. Бул ыкма далилдүү жана прогностикалык медицинанын алкагында иштелип чыккан. Мындай междисциплинардык парадигма алдын алуунун үч деңгээлин — биринчилик (оорунун алдын алуу), экинчилик (оорунун эрте аныкталышы жана коррекциясы) жана үчүнчүлүк (реабилитация жана өтүштүрүүнү алдын алуу) — натыйжалуу жүзөгө ашыруунун негизин түзөт.

Ошентип, КРнын Туруктуу өнүгүү боюнча Улуттук стратегиясы (2018–2040-жж.) коомдук саламаттыкты сактоонун негизги багыты катары алдын алуу медицинанын артыкчылыгын расмий түрдө бекитет жана аны XXI кылымдагы калктын саламаттыгын сактоого багытталган саясат катары тааныйт.

Таблица 3.4.1 – И.К. Ахунбаев атындагы КММАнын Гигиена – алдын алуу медицина тармагында илимий кадрларды даярдоо динамикасы.

| Гигиена | 1941-1956 | 1960-1970 | 1971-1991 | 1992-2010 | 2011-2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тамактану у гигиенасы | Околов Ф.С.1946К; 1949Д<br>Гудзовский Г.А., 1954К<br>Рыспаев С.Р.,1955К | Дьяченко П.Н.,1962К<br>Кожомкулов Т.А.,1964К | Эсенаманова М. 1981К<br>Борсокбаева С.С.1990К | Джорбаева А.А. 1997К<br>Кудаярова М.,2008К<br>Кочкорова Ф.А.2009К | Кочкорова Ф.А.2023Д<br>Цивинская Т.А. 2014К |
| Өндүрүштүк эмгек гигиенасы | Перелыгин В.М.,1955К<br>Николов С.Х.,1956К | Перелыгин В.М., 1965Д<br>Гудзовский Г.А.,1966Д<br>Мамбеталиев Б.С.,1962К<br>Джумабаев А.Д.,1964К<br>Щербаков Г.Г., 1963К<br>Попов Ю.П.,1968К<br>Арипов О., 1969К<br>Грищенко Р.Г.,1970 К<br>Дооронбеков Д.Д., 1970К | Рыспаев С.Р. 1972Д<br>Мамбеталиев Б.1978Д<br>Шпирт М.Б.,1981Д<br>Акынбеков К.У.1984К<br>Касымов О.Т.,1985К | Касымов О.Т.,1995Д<br>Акынбеков К.У.1997Д<br>Джусупов К.О.,1996К<br>Бурабаева А.А.,2000К<br>Орозалиева А.А.2000К<br>Адылбаева В.А.2003К<br>Ормонкулова К.М., 2005К | |
| Балдар жана өспүрү млөр | Мамытов Б.М.,1956К | Недвига Р.А,1964К<br>Мануйленко Ю.И., 1967К<br>Фролов Ф.Ф.,1968К. | Джумалиева А.А., 1985К | Алымкулов Р.Д.1999Д<br>Сыдыков Ж.С. 1999К<br>Орозбекова Б.Т.2001К | Атамбаева Р.М. 2016Д |
| Айлана-чөйрө | Аршинов К.А.,1947К<br>Каган Р.Я.,1951К | Синельников В.Е.,1960К<br>Хахалина И.М.,1965К<br>Соломко П.А.,1965К | Дубягин В.А., 1971К<br>Рыскелдиева Э. 1990К | Айдаров З.А.2001Д<br>Бейшенкулова Р.А., 1993К<br>Мамбеталиев У.Б. 2004К<br>Тыналиева Б.К. 2003Д<br>Усенбеков Т.У.2001К<br>Сапарбаев А.А.2003К | |
| Жалпы: 58% | 1/8 = 9<br>15,5 | 2/15 = 17<br>29,3 | 3/7 = 10<br>17,2 | 5/14 = 19<br>32,8 | 2/1 = 3<br>5,2 |

**Эскертүү:** доктордук/кандидаттык диссертациялардын саны: тиешелүүлүгүнө жараша 13/45

**Бөлүм 4 "Кыргызстандын саламаттык сактоосунун алдын алуу багыттарын өнүктүрүү үчүн санитардык-гигиеналык адистерди жана кадрларды даярдоонун тарыхнамасы".** Советтик мезгилдеги кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн алкагында медициналык-санитардык мекемелердин тармагын бекемдөө жана өнүктүрүү, калк арасында алдын алуу иш-чараларын жакшыртуу, кадрдык потенциалды камсыз кылуу максатында биринчи илимий мекеме - микробиология жана эпидемиология институту (1938-ж.)[7] түзүлүп, андан соң медициналык институт (1939-ж.) негизделген. Андан кийин эпидемиялык жана кесиптик оорулардын алдын алуу иштерин жакшыртуу зарылчылыгы жана өлкөнүн жогорку медициналык билим берүү системасында санитардык-эпидемиологиялык кызматтын (СЭК) өнүгүүсүн эске алуу менен 1953-жылы санитардык-гигиеналык факультет ачылып, [8] кийинчерээк медициналык алдын алуу иши (МААИ) болуп өзгөртүлгөн. СГФнын калыптанышы, түзүлүшү жана өнүгүшүнүн тарыхый аспектин, ошондой эле учурдагы адистерди даярдоочу билим берүү программаларынын мазмуну жана абалына жараша факультеттин аталыштары бир нече жолу өзгөртүлгөн: «гигиена жана санитария», «медициналык алдын алуу иши», «коомдук саламаттыкты сактоо».

**4.1 Санитардык-гигиеналык факультетти уюштуруу жана республиканын алдын алуу кызматы үчүн дарыгерлерди даярдоо.** 1950-жылдары саламаттык сактоо системасынын алдында стратегиялык милдет катары СЭКты уюштуруу жана союздук деңгээлде да, улуттук республикаларда да санитардык дарыгерлерди даярдоо маселеси турган. Бул мезгилге мүнөздүү болгон дагы бир көрүнүш — дарыгер кадрлардын алыскы тоолуу райондордон кетиши: 32 дарыгер жиберилип, 30у кеткен, ошондой эле ооруунун деңгээли жогору болгон жана өлүм-житим 2,4%дан 3,1%га чейин өсүп (өсүш — 0,7%), тынчсыздануу жараткан. Мындай жагдай Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун базасында санитария жана гигиена боюнча дарыгерлерге кыска мөөнөттүү окуу курстарын уюштурууга негиз түзгөн.

СССР Саламаттык сактоо министрлигинин 1952-жылдын 17-октябрындагы №928 буйругунун («Гигиенисттерди, эпидемиологдорду жана микробиологдорду даярдоону, адистештирүүнү жана өркүндөтүүнү жакшыртуу чаралары жөнүндө»)[9]негизинде, 1953-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун (КГМИ) курамында санитардык-гигиеналык факультет ачылган. Бул тууралуу жарыя «Советтик Кыргызстан» гезитинин 1953-жылдын 2-августундагы №151 санында жарыяланган. Биринчи агымга 6 жылдык окуу мөөнөтү менен 100 студент кабыл алынган, бирок кабыл алуу комиссиясынын

[7] ЦГА КР Ф.316, оп.1.Д.5 л.62-63; Ф.56, Оп.4.Д.87 Л.9,13,15,16 Протоколы
[8] Ф.1734 Оп.6.Д.225 Л.154 С.30,51. Справки
[9] Ф. 316 Оп.7 Д.551 Л.360

1953-жылдын 22-августундагы №2 протоколуна ылайык[10], иш жүзүндө 102 студент кабыл алынган. Факультеттин биринчи деканы болуп медицина илимдеринин кандидаты, доцент С.Б. Данияров дайындалган. Алгачкы жылдары жаңы ачылган санитардык-гигиеналык адистик боюнча билим берүү программасы дарылоо факультетинин окуу программасына дээрлик окшош болгон. Адистештирилген дисциплиналар - коммуналдык, эмгек, балдар жана өспүрүмдөр гигиенасы, аскердик жана радиациялык гигиена, эпидемиология, кесиптик оорулар - 4-курстан баштап гана киргизилген.

Гигиеналык дисциплиналарды окутуунун негизги кафедрасы - 1941-жылы негизделген жалпы гигиена кафедрасы болгон.[11] 1946–1956-жылдары кафедраны Ф.С. Околов жетектеп, ал илимий жана педагогикалык кадрларды даярдоону күчөтүп, Москва жана Ленинграддагы алдыңкы жогорку окуу жайларынын методологиясына ылайык билим берүү программаларын ылайыкташтырган. Анын окуучулары —- Г.А. Гудзовский, С.Р. Рыспаев, Б.М. Мамытов, Б.И. Пухов - ошол шаарларда стажировкадан өтүшкөн.[12] 1958-жылы ректорот тарабынан гигиеналык багыттагы эки кафедраны түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган: «жалпы гигиена» кафедрасы (аскердик жана радиациялык гигиена курсу менен) – кафедра башчысы к.м.н. А. А. Бойко, жана «санитардык-гигиеналык» кафедрасы, курамында төрт дисциплинасы менен – коммуналдык гигиена, эмгек гигиенасы, тамак-аш гигиенасы, балдар жана өспүрүмдөрдүн гигиенасы; кафедра башчысы – к.м.н., доцент Г. А. Гудзовский. Бул чечим ошол мезгилде советтик бийлик тарабынан алдын алуу медицинасын — саламаттыкты сактоонун артыкчылыктуу багыты катары — бекемдөө саясаты менен байланыштуу болгон. Адистерди даярдоо процессинде дарыгерлик ой жүгүртүүнү калыптандыруу, айлана-чөйрөнүн факторлорун баалоонун методологиясы, оорулардын этиопатогенезин түшүнүү жана аларды алдын алуу чаралары окутулган. Бул иштер СССР жана Кыргыз ССРинин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан бекитилген нормативдик жана нускама документтер менен жөнгө салынган.

Окуу-практикалык негизги базалар катары республикалык, шаардык, облустук деңгээлдеги СЭКтар, ошондой эле ар түрдүү деңгээлдеги стационардык мекемелер кызмат кылган.

СГФтин биринчи бүтүрүүчүлөрү 1959-жылдын 14-июлунда чыгарылып, «санитария жана гигиена» адистиги боюнча санитардык дарыгер квалификациясы 77 бүтүрүүчүгө ыйгарылган. Алардын ичинен 23ү жергиликтүү улуттун өкүлдөрү болгон.[13] Бүтүрүүчүлөрдүн ичинен экөө -

[10] Ф.1734 Оп.6.Д.316 Л.514 С.22,28-31,148 Материалы
[11] Ф.1734 Оп.6. Д.504 Л.290 С.1-24 Годовой отчет
[12] ЦГА КР Ф. 1734. Оп.6. Д.332. Л.1-30. Годовой отчет
[13] Ф.1734 Оп.6.Д.214 Л.221 С.23,24 Материалы

А.Багышбеков жана И. Кыйшиков - илимий изилдөө иштери үчүн кафедрада калтырылган, ал эми Д.Д. Дооронбеков менен П. Абыдкаимова Москвага ординатура менен аспирантурага жөнөтүлгөн [14] 4.1.1-таблицадан көрсөтүлгөндөй, 1953–1961-жылдары орточо кабыл алуу - 100, бүтүрүү - 80 студент; 1957–1998-жж. - кабыл алуу 50, бүтүрүү ~ 46; 1993–2004-жж. - 29/27; 2000–2014-жж. - 50/40; 2017–2023-жж. - 70/65.

Таблица 4.1.1 – Кыргызстанда медициналык алдын алуу иши боюнча адистердин кесиптик билиминин мезгили жана деңгээли

<table>
<tr><td colspan="4">Мамлекеттик билим берүү стандарттары</td></tr>
<tr><td colspan="2">6-жылдык</td><td>5-жылдык</td><td>6-жылдык</td></tr>
<tr><td>1953-1955</td><td>1956-2004</td><td>2005-2016</td><td>2017-2023</td></tr>
<tr><td>100±<br>80±</td><td>50±<br>46±</td><td>50±<br>40±</td><td>70±<br>65±</td></tr>
<tr><td colspan="4">Адистиги</td></tr>
<tr><td colspan="2">Гигиена жана санитария</td><td></td><td>МААИ</td></tr>
<tr><td colspan="4">Квалификация</td></tr>
<tr><td colspan="2">Санитардык врач</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="4">Дипломдон кийинки даярдоо</td></tr>
<tr><td colspan="2">1 жылдык интернатура</td><td colspan="2">2 жылдык ординатура</td></tr>
<tr><td colspan="4">Аспирантура: күндүзгү – 3 жыл и сырттан – 4 жыл<br>Докторантура 5 жылдан кем эмес</td></tr>
<tr><td colspan="4">Үзгүлтүксүз билим берүү - кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу: ар бир 3-5 жылда же 1 жылдык кайра окутуу</td></tr>
</table>

Эскертүү: алуучу – кабыл алынуусу, бөлүүчү - бүтүрүүчү.


Мамлекеттин суверендешүү мезгилинде, 2005-жылга карата, өлкөнүн жогорку кесиптик билим берүү системасында “МААИ” адистиги боюнча кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында бир жылдык интернатурадан эки жылдык ординатурага өтүү ишке ашырылды. Бул кадам эл аралык стандарттарга, коомдук саламаттык сактоонун актуалдуу талаптарына жооп берүү максатында жасалган. Ординатура тереңдетилген адистешүүнү, кесиптик жана башкаруучулук жөндөмдөрдү өнүктүрүүнү, ошондой эле оорулардын алдын алуу боюнча мекемелер аралык кызматташууну камсыз кылган. Бүгүнкү күндө медициналык алдын алуу багыттагы адистерди дипломго чейинки даярдоо коомдук жана социалдык саламаттык сактоонун заманбап чакырыктарына толук жооп бербейт. Ошондуктан, алдын алуу

[14] Ф.1734 Оп.6.Д.26 Л.77 С.139 Сведение

медицинасынын адистештирилген дисциплиналарын окутуунун мазмунун жаңылоо үчүн проблемалуу окуу-методикалык комиссиялардын ишин жандандыруу зарыл. Мындан тышкары, учурдагы Мамлекеттик билим берүү стандартынын ДССУнун талаптарына шайкештигин комплекстүү талдоо, жана «МААИ» адистиги боюнча адистешкен эксперттик кеңешти түзүү зарыл.

**4.2 Медициналык алдын алуу иши" - санитария жана гигиена адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик системасы.** СССРдеги жогорку медициналык билим берүү тарыхы жана 1953–1991-жылдардагы алдын алуу медицинасынын өнүгүүсү санитардык дарыгерлерди — гигиенисттерди, эпидемиологдорду жана башка адистерди даярдоонун негизин түзгөн. Бул билим берүү системасы медициналык биологиялык жана табигый илимдердеги жетишкендиктерди эске алуу менен калыптанган.Советтик доордо (1991-жылга чейин) "гигиена жана санитария" адистиги боюнча 6 жылдык билим берүү программасы ишке ашырылып, ал 2005-жылга чейин сакталып келген.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки мезгилде (1991–2023-жж.) "МААИ" адистиги киргизилип, 2000-ж. 5 жылдык окуу форматына өтүп, 2017-жылдан тартып кайрадан 6 жылдык формага кайтарылган (мамлекеттик билим берүү стандарты – 560003 "МААИ" адистиги, №756/1 15.06.2017-ж.). Мезгилдер ар башка болгону менен билим берүү жараянынын кийинки муунга өтүшү жана интеграциясы сакталып калган (4.2.1 - сүрөт).




4.2.1-сүрөт - 1959-2021-жылдар аралыгында МААИ дарыгерлерди даярдоонун Мамлекеттик билим берүү стандартынын билим берүү программалары

1987–2021-жылдардагы Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык, "МААИ" адистиги боюнча билим берүү программасы төмөнкүдөй түзүлгөн: 1–3-курстарда - базалык теориялык дисциплиналар (химия, физика, биология, анатомия ж.б.), 4–6-курстарда - клиникалык дисциплиналар (ички оорулар, нерв оорулары, хирургиялык оорулар, кесиптик патология ж.б.). Профилдик гигиеналык жана эпидемиологиялык даярдоо 4-курстан кийин гана башталат. Бул аралыкта клиникалык дисциплиналар боюнча экзамендердин саны (15) профилактикалык дисциплиналарга (6) караганда кыйла көп. Профилдик (гигиеналык жана эпидемиологиялык) сабактар жалпы окуу жүктөмүнүн болгону 25%ын гана түзөт. Ошол эле учурда, 2000-жылы 6 жылдык окуудан 5 жылдык формага өтүү жүктөмдүн олуттуу кыскаруусуна алып келген — 1987-жылы 14 526 сааттан 2001-жылы 8 753 саатка чейин, башкача айтканда 39,7%га азайган. Бул кыскартуу гуманитардык жана социалдык-экономикалык сабактардын үлүшүн көбөйтүүгө (12,5%дан 14,3%га чейин) шарт түзгөн.

Жалпысынан, додипломдук деңгээлде төмөнкү негизги көйгөйлөр белгиленет:

- Окуу пландары кесиптик компетенттүүлүктү эмес, дисциплинардык билимдерди баса белгилейт; окуу убактысынын 75%ы фундаменталдык жана клиникалык дисциплиналарга берилген;
- Окутуу көбүнесе билим берүү аркылуу, ал эми иш жүзүндө көндүмдөрдү өнүктүрүү деңгээли төмөн бойдон калууда;
- Окуу практикалары окуу убактысынын болгону 11,5%ын түзүп, студенттердин негизги кесиптик көндүмдөрдү өздөштүрүүсүн чектейт;
- Профилдик дисциплиналар салттуу ыкмалар менен окутулуп, заманбап методологиялар жетишсиз;
- КГМАнын гигиена жана эпидемиология кафедрасынын материалдык-техникалык жана маалыматтык камсыздалышы заманбап талаптарга жооп бербейт.

Жыйынтыктап айтканда**,** МААИ боюнча билим берүү системасы кайра карап чыгып, алдын алуу медицинасы жана коомдук саламаттыкты сактоо жаатында кесипкөй, компетенттүү адистерди даярдоого багытталган бирдиктүү концепцияны иштеп чыгууну сунуштайт. Бул системанын өзөгүн кесиптик өсүшкө түрткү берген мотивациялык механизмдер түзүшү керек.

**4.3 Медициналык алдын алуу иши" адистиги боюнча инновациялык технологияларга жана саламаттыкты сактоо үчүн заманбап билим берүүнүн конвергенциясына таянган кесипкөй кадрларды даярдоо.** Медициналык алдын алуу багыттагы билим берүүнүн концепциясы билим берүү жана саламаттыкты сактоо тутумунун бирдиктүү мыйзамдык базасына таянууга тийиш. Бул концепция калктын өзгөрүп жаткан муктаждыктарына жана эл аралык коомдук саламаттык стандарттарына ылайык стратегиялык пландоону жана адаптацияны камтышы керек. Учурда алдын алуу медицинанын муктаждык-

тарына ылайыкташтырылган кадрларды даярдоонун үч баскычтуу модели сунушталууда:

I. Дипломго чейинки этап – МААИ боюнча факультеттинин мамлекеттик билим берүү стандарттарын ишке ашыруу, окуу мөөнөтү — 6 жыл.

II. Дипломдон кийинки этап: магистирдик (2 жыл) — багыттар: эпидемиология, биостатистика, гигиена, микробиология, вирусология ж.б.; ошондой эле жеке адистикти тандоо (1 жылга чейин): эмгек жана тамак-аш гигиенасы, айлана-чөйрөнүн гигиенасы, балдардын жана өспүрүмдөрдүн гигиенасы, паразитология ж.б.; аспирантура (3 жылга чейин).

III. Үзгүлтүксүз билим берүү системасы - ар 3-5 жылда билимин жана көндүмдөрүн жаңыртуу, кесиптик кайра даярдоо жана профилди алмаштыруу мүмкүнчүлүккө, докторантурага багытталган.

II жана III деңгээлдеги билим берүү программалары ДССУнун (2003) эл аралык сунуштарына ылайык болууга тийиш. Бул сунуштар коомдук саламаттык сактоонун 10 негизги функциясын (КССФ) камтыйт (4.3.1-сүрөт).


**I. КССНФнын базалык функциялары (1–5)**:

1. Калктын ден соолугунун абалы жана жыргалчылыгы боюнча эпидемиологиялык көзөмөл жана баа берүү.
2. Ден соолукка коркунуч жараткан кырдаалдарда мониторинг жүргүзүү жана тез чара көрүү.
3. Ден соолукту коргоо, анын ичинде айлана-чөйрөнүн, жумуш орундарынын, тамак-аш коопсуздугу.
4. Ден соолукту чыңдоо, социалдык факторлорду эске алуу жана ден соолук боюнча теңсиздикти кыскартуу.
5. Оорулардын алдын алуу, эрте аныктоо жана кесепеттерин азайтуу.

**II. КССНФнын интеграцияланган комплекстүү функциялары (6–10):**

6. Стратегиялык башкаруу — ден соолук жана жыргалчылык үчүн.
7. Коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу.
8. Уюмдук түзүмдөрдүн жана каржылоонун туруктуулугу.
9. Маалыматтык түшүндүрүү иштери, коммуникация жана коомду мобилизациялоо.
10. Илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Жыйынтыктап айтканда, инновациялык ыкмалар аудитордук изилдөө үчүн бөлүмдөргө (предметтерге) артыкчылык берүүнү, ошондой эле элективдик, факультативдик сабактар аркылуу, анын ичинде студенттердин өз алдынча ишине IT-технологияны эске алуу менен маалымат көлөмүн кеңейтүүгө басым жасоону талап кылат. Айрыкча мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл кызматтарынын укуктук жана экономикалык аспектилерине көңүл бурулушу керек.




4.3.1-сүрөт – Коомудук саламаттыкты сактоону көрсөтүү боюнча саламаттыкты сактоо мекемелеринин негизги оперативдүү функцияларын бөлүштүрүү жана өз ара аракеттенүү.

## ЖЫЙЫНТЫК

1. Гигиенанын илим жана практика катары калыптанышынын хронологиясынын тарыхнаамасы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун уюштуруу жолу менен совет бийлиги тарабынан ишке ашырылган (1939) өлкөнүн жогорку медициналык билим берүү концепциясы менен байланышкан. Ал эми жалпы гигиена кафедрасын (1941) жана СГФди (1958) түзүүгө жана калыптандырууга чоң салым кошкондор:

- алгачкы этапта В. П. Малышев (1941–1942-жж.) жана Л. Е. Берестечко (1942–1945-жж.), учурунда окутуучулар курамын тандоо болот. Илимий багыттар калыптанып, билим берүү процесси жана кадрларды даярдоо сапаттуу жакшыртылат — Ф. С. Околовдун (1946–1956-жж.) жетекчилиги алдында, бул иш А. Г. Гудзовский (1956–1958-жж.) тарабынан улантылат.

- экинчи этапта 1953-жылы СГФ жана ушул эле аталыштагы жаңы кафедра түзүлөт. Кафедраны ар кайсыл жылдары төмөнкү жетекчилер жетектешет: А. Г. Гудзовский (1958–1965-жж.), Б. М. Мамытов (1966–1977-жж.), Т. А. Кожомкулов (1977–1982-жж.). Ошондой эле жалпы гигиена

кафедрасын А. А. Бойко (1958–1962-жж.) жана С. Р. Рыспаев (1962–1978-жж.) жетектешет.

- үчүнчү, өтмө жана эгемендүүлүк мезгилинде, СГФтин кафедрасын М. Б. Шпирт (1982–1998-жж.), ал эми жалпы гигиена кафедрасын Б. С. Мамбеталиев (1978–1998-жж.) жетектейт. 1998-жылы гигиена жана эпидемиологиянын бирдиктүү кафедрасы түзүлүп, О. Т. Касымов (1998–2004-жж.) жетектейт. Андан соң кафедра кайра түзүлүп, жалпы гигиена кафедрасы болуп калат — А. А. Джорбаева (2005–2023-жж.) тарабынан жетектелет. Гигиеналык дисциплиналар кафедрасын М. К. Эсенаманова (2009–2017-жж.) жана Р. М. Атамбаева (2018–2023-жж.) жетектешет.

2. Гигиена илиминин негиздөөчүсү жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун башатында турган окумуштуу - Ф. С. Околов (1946–1956-жж.), анын жолун уланткан шакирти - А. Г. Гудзовский (1956–1965-жж.) болуп саналат. Алардын жетекчилиги алдында тамак-аш гигиенасы, балдар жана өспүрүмдөр гигиенасы, эмгек гигиенасы, ошондой эле тоо-кен жана айыл чарба тармактарындагы илимий изилдөөлөр кеңири өнүккөн. Мындан тышкары, СГФтин окуу-методикалык базасын түптөөдө да олуттуу салым кошушкан. Б. С. Мамбеталиевдин (1978–1998-жж.) жана анын шакирти О. Т. Касымовдун (1998–2004-жж.) тоолуу шарттардагы өндүрүш эмгегинин гигиенасына байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүдө салымы чоң. Алар алдын алуу медицинасы жана коомдук саламаттыкты сактоо тармагында бир нече дисциплинаны камтыган интеграцияланган илимий-билим берүү концепциясын иштеп чыгышкан. 2004–2023-жж. аралыгы мурунку муундардын тажрыйбасынын аз улануусу жана дүйнөлүк илимий тенденциялардын таасири менен мүнөздөлөт.

3. Согуштан кийинки медико-социалдык кырдаал жана мамлекеттин региондук медицинасынын өзгөчөлүктөрү 1953-ж. КММИнун базасында СГФтин уюштурулушуна негиз болгон. Алгачкы курска кабыл алынган студенттердин саны: 100 студент (1953–1955-жж.), 50 студент (1956–2003-жж.), коомдук саламаттыкты сактоо багыты – 50 студент (2004–2013-жж.), жана МААИ багыты – 70 студент (2016–2023-жж.). 1960-жылдардын башына карата өлкөнүн санитардык-эпидемиологиялык кызматтарын кадр менен камсыз кылуунун пландык системасы калыптанып, ал 1991-жылга чейин үзгүлтүксүз иштеп келген. Бирок ал система КМШ аймагында 1992–2010-жж. дезинтеграцияланып, КРсында 2011-ж. гана калыптануу ченемдер кайра калыбына келтирилген. МААИ (СГФ) факультетте адистерди даярдоо - коомдук саламаттыкты сактоонун жаңы системасы үчүн негизги роль ойнойт. Бул факультеттин бүтүрүүчүлөрү алдын алуу медицинасын камсыздап, санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту чыңдоого салым кошушат.

4. Бүгүнкү күндө МААИ багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттарын актуалдаштыруу зарылчылыгы келип чыкты. Бул процесс зарыл кесиптик компетенциялардын калыптанышына жараша жүргүзүлүшү керек. Адистерди даярдоо үч баскычтан турат: базалык, негизги жана кошумча этаптар — алар жогорку жана последипломдук билим берүү деңгээлинде ишке ашып, кесиптик өнүгүүнүн туруктуулугун жана үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт. Мындан тышкары, билим менен практикалык көндүмдөргө коюлуучу квалификациялык талаптарды, даярдыктын максаттары менен милдеттерин, аттестациянын критерийлери жана принциптерин так аныктоо зарыл. Билим берүү системалары негизги технологиялык багыттардын — нано-, био-, маалыматтык, когнитивдик жана социалдык технологиялардын — конвергенциясынын негизинде жаңыланып жатат. Бул тенденциялар XXI кылымдын ортосуна чейин билимди бирдиктүү илимий-билим берүү жана технологиялык платформага интеграциялоо күтүлүп жаткан шарттарда өзгөчө мааниге ээ.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Гигиеналык илимдин жана билим берүүнүн тарыхын, анын өнүгүү баскычтарын, профилдик кафедралардын жана профессордук-окутуучулар курамынын илимий-практикалык ишмердүүлүктөгү жетишкендиктерин эске алуу менен, өлкөнүн медициналык жогорку окуу жайларынын окуу программаларына киргизүү сунушталат**.**

2. Билим берүү тармагындагы реформаларды ишке ашырууда жана мамлекеттик программаларды түзүүдө, медициналык алдын алуу иши боюнча адистерди заманбап чакырыктарга, өзгөрүп жаткан талаптарга жана эл аралык стандарттарга ылайык даярдоону камсыз кылган инновациялык жана саламаттыкты сактоочу технологияларды колдонуу зарыл.

3. Медициналык алдын алуу иши боюнча адистерди даярдоо концепциясы билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү бирдиктүү мыйзамдык платформага негизделиши керек, бул болсо кесиптик компетенцияларды түзүүдө комплекстүү жана макулдашылган мамилени камсыздайт.

## ИЗДЕНҮҮЧҮНҮН ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ТЕМА БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. **Бапалиева, Г. О.** Современные медико-демографические тенденции Кыргызской Республики [Текст] / Г. Т. Сулейманова, Ж. Д. Тургумбаева, Г. О. Бапалиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана». - 2020. - № 12. - С. 58-64. То же: Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=45653807

2. **Бапалиева, Г. О.** Исторические аспекты развития медицинской образовании и науки [Текст] / Г.О. Бапалиева, О. Т. Касымов, Ж. Д. Тургумбаева // Здравоохранение Кыргызстана. - 2021. - № 2. - С. 160-165. То же: Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=46311024

3. **Бапалиева, Г. О.** Становление и развитие гигиены в системе высшего медицинского образования Кыргызской Республики [Текст] / Г.О. Бапалиева, Р. М. Атамбаева, Ж. Д. Тургумбаева, О. Т. Касымов // Здравоохранение Кыргызстана. - То же: Режим доступа: 2022. - № 1. - С. 158-165. https://elibrary.ru/item.asp?id=48225528

4. **Бапалиева, Г. О.** Развитие гигиены детей и подростков как науки в Кыргызской Республике [Текст] / Г.О. Бапалиева, Ж. С. Сыдыков, И. Б. Керимбаева // Вестник Авиценны. - 2022. – Том 24, № 3. - С. 379-384. То же: Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=49608018

5. **Bapalieva, G. O.** Preventive medicine - forming the human resources potential of the health care system of the Kyrgyz Republic [Текст] / J. J. Turgumbaeva, R. M. Atambaeva, R. O. Kasymova, G. O. Bapalieva // European Journal of Natural History. - 2023. - № 2. - С. 5-10. То же: Режим доступа: https://elibrary.ru/item.asp?id=53761068

6. **Бапалиева Г.О.** И. К. Ахунбаева атындагы КММАнын «Медициналык алдын алуу иши» факультетинин ачылышынын себептери. [Текст] / Г.О. Бапалиева // Евразийский журнал здравоохранения. – 2024.- Том 1, №1. – С. 169-173. То же: Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=68006265

**Бапалиева Гульназ Орозалыевнанын "Кыргыз Республикасында гигиеналык илимдин жана билим берүүнүн калыптанышынын, өнүгүшүнүн тарыхый аспекттери" деген темадагы 14.02.05 - медицинанын социология жана тарыхы адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**КОРУТУНДУСУ**

**Негизги сөздөр:** тарых, гигиена, илим, билим берүү, санитардык-гигиеналык, медико-профилактикалык иш, коомдук ден соолук жана саламаттык сактоо.

**Изилдөөнүн объектиси:** өлкөнүн гигиенасынын тарыхы, билими, илими.

**Изилдөөнүн предмети:** 1939–2023-жылдар аралыгында жогорку медициналык билим берүү системасында гигиена боюнча медициналык билим берүүнүн, илимдин жана практиканын интеграциясынын историографиялык хронологиясы, кадрларды даярдоонун калыптанышы.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз мамлекетинин жогорку медициналык билим берүү системасында гигиеналык илим менен билим берүүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүнүн уюштуруучулук негиздерин комплекстүү изилдөө.

**Изилдөө ыкмалары:** Архивдик материалдарга ретроспективдик анализ жүргүзүлдү. Комплекстүү ыкмалар колдонулду: баяндама ыкмасы, тарыхый-генетикалык, типологиялык, системалуу, салыштырма жана контексттик ыкмалар.

**Илимий иштин жыйынтыктары жана жаңылыгы:** Кыргызстандагы гигиеналык билим берүүнүн жана илимдин тарыхый аспектилерин интерпретациялоодо жаңы институционалдык ыкма колдонулду. Эки негизги мезгил көрсөтүлдү: советтик жана эгемендүү, үч өнүгүү этабы менен. Советтик жана кыргыз окумуштууларынын гигиенанын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон салымын аныктаган илимий-практикалык жетишкендиктери белгиленди. И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясындагы гигиеналык багыттагы кафедралардын калыптанышынын историографиясы жана алар кадрларды даярдоодо кандай ролду ойногону көрсөтүлдү. Медико-профилактикалык факультеттин (мурунку санитардык-гигиеналык) жогорку медициналык билим берүү системасындагы жана санитардык-эпидемиологиялык кызмат менен коомдук саламаттыкты сактоо үчүн адистерди даярдоодогу мааниси боюнча тарыхый-генетикалык баа берилди. Илимий жүгүртүүгө жаңы архивдик жана басма булактар киргизилди, алар медико-профилактикалык багыттагы адистерди даярдоодо гигиенанын инновациялык өнүгүү моделдерин актуалдаштырууга мүмкүндүк берди.

**Колдонуу даражасы:** Натыйжалар окуу процессине киргизилди, жаңы документтер И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын музейине тапшырылды.

**Колдонуу чөйрөсү:** билим берүү, илим, саламаттык сактоо.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Бапалиевой Гульназ Орозалыевны на тему: «Исторические аспекты становления, развития гигиенической науки и образования в Кыргызской Республике» на соискание ученой степени кандидата медицинских наук по специальности 14.02.05 - социология и история медицины**

**Ключевые слова:** история, гигиена, наука, образование, санитарно-гигиенический, медико-профилактическое дело, общественное здоровье и здравоохранение

**Объект исследования:** история, образование, наука гигиены страны.

**Предмет исследования:** историографическая хронология интеграции медицинского образования, науки и практики по гигиене, формирование кадров в системе высшего учебного заведения в период 1939-2023 гг.

**Цель работы:** комплексное изучение организационных основ становления и развития гигиенической науки и образования в системе высшего медицинского образования кыргызского государства.

**Методы исследования.** Ретроспективный анализ архивных материалов с комплексным подходом нарративный, историко-: генетический, типологический, системный, сравнительный, контекстуальный.

**Полученные результаты и их новизна:** применен новый институциональный подход интерпретации исторических аспектов становления, развития гигиенического образования и науки Кыргызстана. Показаны два ключевых периода: советский и суверенный с тремя этапами эволюции. Установлены научно-практические достижения советских и кыргызских учёных, определившие вклад гигиены в социально-экономическое развитие страны. Прослежена историография формирования кафедр гигиенического профиля в Кыргызской государственной медицинской академии им. И. К. Ахунбаева, их роль в подготовке кадров. Дана историко-генетическая оценка значимости факультета медико-профилактического дела (ранее санитарно-гигиенического) в системе высшего медицинского образования и подготовки специалистов для санитарно-эпидемиологической службы и общественного здравоохранения. Введены в научный оборот новые архивные и публикационные источники, позволившие актуализировать модели инновационного развития гигиены в подготовке специалистов медико-профилактического профиля.

**Степень использования**. Результаты внедрены в учебный процесс, а новые документы переданы Музею Кыргызской государственной медицинской академии им. И. К. Ахунбаева.

**Область применения:** образование, наука, здравоохранение.

**SUMMARY**

**of the dissertation of Bapalieva Gulnaz Orozalyevna entitled «Historical aspects of the formation, development of hygienic science and education in the Kyrgyz Republic» for the degree of candidate of medical sciences in the specialty 14.02.05 - sociology and history of medicine**

**Keywords:** history, hygiene, science, education, sanitary and hygienic, medical and preventive care, public health and healthcare.

**Object of the research:** the history, education, and science of hygiene in the country.

**Subject of the research:** historiographic chronology of the integration of medical education, science, and practice in hygiene, and the formation of professional personnel within the higher education system during the period 1939-2023.

**Purpose of the work:** a comprehensive study of the organizational foundations of the formation and development of hygiene science and education within the higher medical education system of the Kyrgyz state.

**Research methods:** Retrospective analysis of archival materials using a comprehensive approach, including narrative, historical-: genetic, typological, systemic, comparative, and contextual methods.

**Results obtained and their novelty:** A new institutional approach was applied to interpret the historical aspects of the formation and development of hygiene education and science in Kyrgyzstan. Two key periods were identified: the Soviet and the sovereign with three stages of evolution. The scientific and practical achievements of Soviet and Kyrgyz scientists were established, highlighting the contribution of hygiene to the country's socio-economic development. The historiography of the formation of hygiene-related departments at the I. K. Akhunbaev Kyrgyz State Medical Academy was traced, as well as their role in training specialists. A historical-genetic assessment was given to the significance of the Faculty of Medical and Preventive Care (formerly Sanitary and Hygienic) within the higher medical education system and in training professionals for the sanitary-epidemiological service and public health. New archival and published sources were introduced into scientific circulation, which made it possible to update innovative development models of hygiene in the training of medical and preventive care professionals.

**The degree of application:** The results have been integrated into the educational process, and new documents have been transferred to the Museum of the I. K. Akhunbaev Kyrgyz State Medical Academy.

**Scope:** education, science, healthcare.

Отпечатано в ОсОО «Монополия цвета»
г. Бишкек, ул. Байтик Баатыра, 36/3
Тираж 50 экземпляров